**Ош Мамлекеттик Университети**
**Эл аралык медицина факультетинин Окуу методикалык кеңешинин отурумунун**

№2 ПРОТОКОЛУ

16.10.25 ж. Ош шаары

Окуу методикалык кеңешинин төрайымы: э.и.к., доц. А.Базиева
Окуу методикалык кеңешинин катчысы: Маматова Р.

Катышкандар: ФОМК мүчөлөрү, факультеттин редакциялык-басма иштерине жооптуу(РИСО), кафедра башчылары

КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕЛЕР:

1. Силлабустар, Дисциплиналардын окуу-методикалык комплекстер
2. Өз ара сабактарга катышуунун пландарын талкуулоо
3. Окутуучулардын окуу, окуу-усулдук эмгектеринин ылайыктуулугун аныктоо менен басмага сунуштоону жүргүзүү (3 эмгек)
4. Жаш окутуучулардын тизмелерин тактоо
5. Ар түрдүү

Эл аралык медицина факультетинин окуу-методикалык кеңешинин төрайымы доцент А.Базиева күн тартиби менен тааныштырды жана регламент бекитилди.

Угулду:

1.1 ФОМК курамына ар бир кафедранын окуу-методикалык иштерине жооптуу кафедрага бекитилген дисциплиналардын силлабустары, дисциплиналардын окуу-методикалык комплекстери боюнча маалымат берип кетти.

Талкуу:

Талкууга декандын орун басарлары, каф.башчылары, окуу-методикалык иштер боюнча жооптуулар катышып, бул маселе боюнча кафедра башчылары доц. А. Момунова, Миталипова А., доц.М.Бугубаева өз сунуш, пикирлерин айтышты.

ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин 2025-2026 – окуу жылына карата Силлабустарды, ДОМКларды талкуулоонун жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окуу методикалык Кеңеши 1-маселе боюнча төмөнкүдөй

**ТОКТОМ кылат:**

**1.1. 2025-2026 –окуу жылына ОшМУнун жоболоруна ылайык түзүлгөн Силлабустар, ДОМКлар бекитилсин жана сайтка жүктөлсүн; Аткаруу жагы кафедра башчыларына жүктөлсүн. Аткаруу мөөнөтү : 10 күн**

1.2 Экинчи сөзгө кафедралардын ФОМК мүчөлөрү чыгып кафедралардын өз ара сабактарга катышуунун пландары, графиктери менен тааныштырышты.
1.3 Үчүнчү маселе ар түрдүүгө калтырылды.
1.4 ФОМК төрайымы жаш окутуучулардын тизмелерин тактап, алардын ОшМУнун кадрлар резервинин тестирлөөсүнөн өтүү жана ачык сабак берүүсүн талап кылды.

Талкуу:

Талкууга декандын орун басарлары Л. Джумаева жана И.Исмаилов , каф.башчылары, окуу-методикалык иштер боюнча жооптуулар катышып, бул маселелер боюнча пикирлерин айтышты.

ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин 2025-2026 – окуу жылына карата талкуулоонун жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окуу методикалык Кеңеши 2-, 4- маселе боюнча төмөнкүдөй

**ТОКТОМ кылат:**

**1.2 ФОМК мүчөлөрүнүң кафедралардын өз ара сабактарга катышуунун пландары, графиктери боюнча берген маалыматтары көңүлгө алынсын.**
**1.4 Жаңы окутуучулардын тизмелерин тактоо, алардын ОшМУнун кадрлар резервинин тестирлөөсүнөн өтүү жана ачык сабак берүүсү ФОМК төрайымынын көзөмөлүнө алынсын. Тиешелүү маалымат ОСМК бөлүмүнө 10 күн ичинде жеткирилсин.**

1.5 (3) Ар түрдүү маселелерде төмөнкүлөр каралды:

Эл аралык медицина факультетинин ФРБК (РИСО) төраймы Салиева Р.Ш. окутуучулардын окуу, окуу-усулдук эмгектеринин ылайыктуулугун аныктоо менен басмага сунуштоону жүргүзүү тартиби , талаптары менен тааныштырып кетти. Андан соң ФОМК төрайымы ФРБКне келген эмгектер боюнча сөз кылды.

**3.1 Клиникалык дисциплиналар 3 кафедрасынын** улук окутуучусу Омурзакова А.Е., доценти, м.и.к. Абдурахманов Б.О., окутуучусу Абдыкайымова Г.К., окутуучусу Кенжебаева Г.К., октуучусу Мамарасул кызы Минура ”Habilitation of Premature Infants with Perinatal Encephalopathy”- аттуу окуу-методикалык колдонмосун Окумуштуулар Кеңешине кароого сунуштоо

**3.2 Клиникалык дисциплиналар 3 кафедрасынын** окутуучусу Абдыкайымова Г.К. кафедрасынын доценти, м.и.к., Абдурахманов Б.О., улук окутуучусу Омурзакова А.Е., окутуучусу Барбышов И.Ж., окутуучусу Жусупова А.Б. ”Topical Diagnosis in Neurology”- аттуу окуу-методикалык колдонмосун Окумуштуулар Кеңешине кароого сунуштоо

Угулду :
3.1 Окуу - усулдук кенештин төрайымы доцент А.Базиева 2025-2026- окуу ылындагы Эл аралык медицина факультетинин ичинде уюштурулган редакциялоо-басмага берүү кеңешинин төрайымы м.и.к. доцент Салиева Р.Ш кароосунан өтүп келген, Клиникалык

дисциплиналар 3 кафедрасынын улук окутуучусу Омурзакова А.Е., доценти, м.и.к. Абдурахманов Б.О., окутуучусу Абдыкайымова Г.К., окутуучусу Кенжебаева Г.К., октуучусу Мамарасул кызы Минура ”Habilitation of Premature Infants with Perinatal Encephalopathy”- аттуу окуу-методикалык колдонмосун жазылгандыгын, ошондой эле сырткы рецензенттер ЭжБК улуттук борборунун РжИТ бөлүмүнүн башчысы, м.и.к. Жумалиева Э.К. жана КРСУнун педиатрия кафедрасынын доценти, м.и.к. Абдувалиева С.Т. монографияга оң сын пикирлерин бергендигин билдирди.

Жарыш сөзгө чыккандар –
1. м.и.к., доцент М.М. Бугубаевага сөз берилди. Ал өз
пикиринде төмөнкүлөрдү билдирди. “Бул окуу-усулдук куралда авторлор азыркы учурдагы педиатриялык практикада актуалдуу проблеманы - мөөнөтүнө жетпей төрөлүп перинаталдык энцефалопатиядан жабыркаган ымыркайлардын реабилитациясы каралгандыктан, бул эмгекти актуалдуу жана окуу процессинде керектүү деп эсептеймин”
2. м.и.к., доцент Абдирасулова Ж. “Жогоруда аталган окуу-усулдук колдонмо учурдагы клиникалык протоколдорго, акыркы илимий ачылыштарга, жана ДСУ (ВОЗ) сунуштамаларына таянып даярдалгандыктан, келечек врачтарды даярдоодо чоң мааниге ээ десек болот” Рецензенттердин пикирин эске алуу менен ФОМК мүчөлөрү окуу-усулдук куралды басмага чыгарууга сунуш беришти.

3.2 Окуу - усулдук кенештин төрайымы доцент А.Базиева редакциялоо-басмага берүү кеңешинин төрайымы м.и.к. доцент Салиева Р.Ш кароосунан өтүп келген, Клиникалык дисциплиналар 3 кафедрасынын окутуучусу Абдыкайымова Г.К. кафедрасынын доценти, м.и.к., Абдурахманов Б.О., улук окутуучусу Омурзакова А.Е., окутуучусу Барбышов И.Ж., окутуучусу Жусупова А.Б. ”Topical Diagnosis in Neurology”- аттуу окуу-методикалык колдонмосун даярдалгандыгын, ошондой эле ички жана сырткы рецензенттер: м.и.к., жогорку категориядагы врач Ш.Ж. Машрапов , м.и.к. врач Тойчуева Г.Р. оң сын пикирлерин бергендигин билдирди. Факультеттин кеңейтилген жыйынынын катышуучулары м.и.к. Эсенгелди кызы А., м.и.к. доцент Сагынбаев Дж. окуу-методикалык куралы жөнүндө ой- пикирлерин билдиришти, жана басмага берүүгө ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешине сунуштоону айтышты.

Кенешменин катышуучулары жогорудагы маселени угуп жана талкулашып, төмөндөгүдөй ТОКТОМ кабыл алышты
**ТОКТОМ:**

**3.1 Клиникалык дисциплиналар 3 кафедрасынын улук окутуучусу Омурзакова А.Е., доценти, м.и.к. Абдурахманов Б.О., окутуучусу Абдыкайымова Г.К., окутуучусу Кенжебаева Г.К., октуучусу Мамарасул кызы Минура ”Habilitation of Premature Infants with Perinatal Encephalopathy”- аттуу окуу-методикалык колдонмосун Окумуштуулар Кеңешине коюлуп, жарыкка чыгарууга сунушталсын.**
**3.2 Клиникалык дисциплиналар 3 кафедрасынын окутуучусу Абдыкайымова Г.К. кафедрасынын доценти, м.и.к., Абдурахманов Б.О., улук окутуучусу Омурзакова А.Е., окутуучусу Барбышов И.Ж., окутуучусу Жусупова А.Б. ”Topical Diagnosis in Neurology”- аттуу окуу-методикалык колдонмосун Окумуштуулар Кеңешине коюлуп, жарыкка чыгарууга сунушталсын.**

**3.3.** ФОМК төраймы **Патология, базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын** профессору Калматов Р.К. жана Санкт-Петербург мамлекеттик университетинин профессору Чурилов Л.П. эл аралык кызматташуунун алкагында даярдалган “General Pathophysiology – Simply put (Mini-Lectures for International M.D. Students” - аттуу окуу колдонмосун жазылгандыгын, ошондой эле сырткы рецензенттер м.и.д. СПбМУ профессору Варзин С.А. , м.и.д. профессор Васильев А.Г. , ички рецензент профессор д.м.н. Муратов Ж.К. окуу колдонмого оң сын пикирлерин бергендигин билдирди.

Жарыш сөзгө чыккандар:

доцент Р.Ш. Салиевага сөз берилди. Ал өз пикиринде төмөнкүлөрдү билдирди. Бул окуу колдонмосунун кол жазмасы проф. Л.П. Чуриловдун лекциялык жазууларынын негизинде түзүлгөн жана жандуу, илимий-образдуу жана жеткиликтүү сүйлөө стилин сактап калган. Китепте 38 бөлүм, автордун кириш сөзү, көзөмөл материалдары жана сунушталган адабияттардын тизмеси камтылган.
Авторлор патофизиологиянын классикалык мектебин биомедицинанын, системалык биологиянын жана клиникалык медицинанын заманбап жетишкендиктери менен айкалыштырып, студенттерге оорулардын өнүгүү механизмдерин клиникалык ой жүгүртүүнүн негизи катары комплекстүү түшүнүк берет. Колдонмодо жалпы нозология, этиология, патогенез жана типтүү патологикалык процесстерди моделдөө маселелери ырааттуу жана терең ачып берилет. Айрыкча микроциркуляция системасына (артериялык, веноздук жана аралаш гиперемия, ишемия жана стаз), ошондой эле сезгенүүнүн патофизиологиясына өзгөчө көңүл бурулган.
2. м.и.к., доцент Маматова С.М. : “Окуу колдонмосунда патологикалык процесстердин өз ара аракеттенүүсү жана динамикасы, алардын пайда болуу жана өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү, коргонуу-жараалануу реакциялардын өз ара байланышы, жергиликтүү жана борбордук жөнгө салуучу механизмдердин ролу кеңири талданат. Саногендик тең салмактуулуктун мааниси жана адаптациялык реакциялардын патологикалык абалга өтүү механизмдери баса белгиленет.
Колдонмо логикалык түзүлүшү, системалуу мамилеси жана илимий анализдин тереңдиги менен айырмаланат. Ал студенттерде клиникалык ой жүгүртүүнү жана оорулардын патогенезинин механизмдери боюнча комплекстүү түшүнүктү калыптандырууга көмөктөшөт, фундаменталдык жана клиникалык дисциплиналардын байланышын чыңдайт. Авторлор жогорку кесиптик жана педагогикалык компетенцияны көрсөтүшүп, ата мекендик патофизиологиялык мектептин салтын системалык биология менен медицинанын заманбап жетишкендиктери менен айкалыштырышкан.
Факультеттин кеңейтилген жыйынынын катышуучулары м.и.к. Эсенгелди кызы А., м.и.к. доцент Сагынбаев Дж. окуу-методикалык куралы жөнүндө ой-пикирлерин билдиришти. Алар бул окуу колдонмосун жогору баалап, анын илимий ишенимдүүлүгүн, методологиялык негиздүүлүгүн, дидактикалык ылайыктуулугун, оригиналдуулугун жана практикалык маанилүүлүгүн белгилешкен. Алар кол жазманын заманбап илимий ыкмага негизделгенин, логикалык түзүлүшүн жана патофизиологиянын негизги түшүнүктөрүн так, түшүнүктүү баяндаганын баса белгилешип, аны англис тилинде окуган медициналык студенттер үчүн өзгөчө пайдалуу деп эсептешет.

Рецензенттердин пикирин эске алуу менен ФОМК мүчөлөрү окуу-усулдук куралды басмага чыгарууга сунуш беришти.

Кенешменин катышуучулары жогорудагы маселени угуп жана талкулашып, төмөндөгүдөй ТОКТОМ кабыл алышты

**ТОКТОМ:**

**3.3. Патология, базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын профессору м.и.д. Калматов Р.К. жана Санкт-Петербург мамлекеттик университетинин профессору м.и.д. Чурилов Л.П. тарабынан даярдалган "General Pathophysiology – Simply put (Mini-Lectures for International M.D. Students" аттуу окуу колдонмосу Окумуштуулар Кеңешине кароого коюлуп, жарыкка чыгарууга сунушталсын.**

3.4. ФОМК төраймы акыркы маселеде 2-5- курстардын студенттеринин калдык билимин текшерүү жана 1-курстардын студенттеринин базалык билимин тестирлөөсү пландагыдан эртерээк баштоо зарылдыгын айтты. Ал маалымат менен тааныштырып, төмөнкүлрдү сунуш кылды: кафедралар тест суроолорун түзүп, даярдашат. 27-октябрда башталат, кафедралар отчетторун 1-ноябрда тапшырышат.

Кенешменин катышуучулары жогорудагы маселени угуп жана талкулашып, төмөндөгүдөй ТОКТОМ кабыл алышты

**ТОКТОМ:**

**3.4 Калдык билимди текшерүү жана базалык билимди диагностикалоо графигин түзүү А.Базиевага жүктөлсүн, бир жума аралыгында бекитилсин.**

**Окуу-усулдук кеңешинин төрайымы :** доц. А.Базиева

**Катчы :** Р.Маматова